# 2009-жылдын акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2010-жылдын 24-февралындагы
№ 3/1 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатында орун алган негизги тенденциялар

«2009−2011-жылдарга каралган Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттарында» жана 2009-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө аны жүргүзүүнүн негизги максаты аныкталган − инфляция арымын кармап туруу жана узак мөөнөткө каралган экономикалык өсүштүн туруктуу негизги шарттарынын бири катары баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун колдоо. 2009-жылы инфляция басымы бүтүндөй алганда, өткөн жылдагыга караганда төмөн күтүлгөн, бул ата-мекендик продукцияларга карата тышкы жана ички суроо-талаптын күтүлүп жаткан кыскаруусу сыяктуу эле, акча-кредит саясатынын катуулатылганын кошо алганда, Өкмөттүн жана Улуттук банктын инфляцияга каршы мурда кабыл алган таасир этүү чаралары менен байланыштуу болгон. Ошентип, акча-кредит саясатынын сандык критерийи болуп саналган инфляция деңгээлинин көрсөткүчү 2009-жылга карата 15 пайыздан төмөн деңгээлде аныкталган.

Жылдын орто ченинде республикада баа жагдайынын турукташуу жана ошону менен бирге эле, инфляция басымынын төмөндөө тенденциясы байкалган. Ушуга байланыштуу, ошондой эле Өкмөттүн жана Улуттук банктын кризиске каршы чаралары менен катар эле, бизнес-коомунун жана калайык калктын шайкеш күтүүлөрүн түптөө максатында, август айында Улуттук банк Башкармасы тарабынан акча-кредит саясатынын сандык критерийин 7,5 пайыздан көп эмес деңгээлге чейин төмөндөтүү жагына карап чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бүтүндөй алганда 2009-жылы ичинде Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын өсүш индекси нөл пайызды түзгөн (2009-жылдын декабрь айы 2008-жылдын декабрь айына карата), ал эми 2008-жыл ичинде инфляция жылдык мааниде алганда 20,0 пайызды түзгөн.

Инфляциянын төмөндөшү азык-түлүк товарларынын жана энергопродукцияларынын дүйнөлүк рынокторунда баа эпкиндеринин болбогондугу, ошондой эле Улуттук банк жана Өкмөт тарабынан мурда кабыл алынган инфляцияга каршы чаралар менен шартталган. Экономикада инфляция процессинин басаңдашы дем берүү акча-кредит саясатын жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

2009-жылы Улуттук банк өз ноталарынын сунуш көлөмүн 14,8 пайызга, 24,7 млрд. сомго чейин кыскарткан, мында, сатуунун көлөмү 20,7 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук банк январь айында гана репо шартында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операцияларды 556,8 млн. сом жалпы суммасында колдонгон, бул 2008-жылга караганда 3 эсе аз болгон. Улуттук банк 2009-жылы коммерциялык банктардын своп кайтарым операциялары жана улуттук валютада депозиттерди тартуу боюнча операциялары сыяктуу банк тутумунун үстөк ликвиддүүлүгүн жоюу боюнча башка операцияларды жүргүзгөн эмес.

2009-жылы ичинде Улуттук банк өз эсептик ченин жыл башында 15,2 пайыздан тартып жылдын акырына карата 0,9 пайызга чейин бара-бара

төмөндөткөн, бул тарыхта минималдуу деңгээл болуп саналат. Эсептик чендин төмөндөшү инфляция басымынын алсызданую тенденциясына ылайык келген.

2009-жылы акча базасынын өсүшү 18,3 пайызды түзгөн (2008-жылы - 11,3 пайыз), бул Өкмөттүн дем берүү салык-бюджет саясаты менен шартталган.

Бүтүндөй алганда 2009-жыл ичинде АКШ долларынын эсептик номиналдык курсунун сомго карата катышы 11,9 пайызга, 44,0917 сомго чейин өскөн (2008-жылы – 11,0 пайызга, 39,4181 сомго чейин). Улуттук банк тарабынан банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларынын таза сатылган көлөмү 2009-жыл үчүн 155,1 млн. АКШ долларын түзгөн (2008-жылы таза сатып алуу 53,0 млн. АКШ долларын түзгөн). 2009-жылы банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын жалпы көлөмүндө Улуттук банктын бүтүмдөрүнүн үлүшү 2008-жылдын 45,7 пайызына салыштырганда 43,9 пайызды түзгөн.

Коммерциялык банктардын кредиттик потенциалын жогорулатуу максатында, ошондой эле коммерциялык банктар тарабынан Депозиттерди коргоо фондуна чегерүүлөрдү жүргүзүлүшүнүн башталгандыгына байланыштуу Улуттук банк 2009-жылдын июнь айында милдеттүү камдардын нормасын 10 пайыздан 9,5 пайызга чейин төмөндөткөн.

2009-жылдын май айында Улуттук банк Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондун түзгөн. Чарба субъктилерин колдоо жана аларга көмөк көрсөтүү үчүн банктык секторду рефинансылоодо кошумча ресурстарды камсыз кылуу максатында, бул дүйнөлүк финансы кризисинин терс натыйжаларын минимизациялоо боюнча чаралардын бири болуп саналган. Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду тарабынан берилген каражаттардын көлөмү 2009-жыл үчүн 1 064,4 млн. сомду түзгөн.

2009-жылы дүйнөлүк экономикалык кризистин терс таасиринин шартында, коммерциялык банктар кредиттик саясатты катуулатып баштаган, бул ресурстук базанын кыскаруусу, девальвациялык күтүүлөрдүн сакталуусу, ошондой эле экономикалык агенттер тарабынан кредиттерге карата суроо-талаптын төмөндөөсү менен биригип, коммерциялык банктар тарабынан экономиканын реалдуу секторуна кредиттерди берүү арымынын басаңдашына алып келген. Натыйжада, коммерциялык банктардын кредит портфели 1,5 пайызга азаюу менен 25,2 млрд. сомду түзгөн. Ошону менен бирге эле, Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусунун кредиттеринин эсебинен, банктык эмес финансы-кредит мекемелери тарабынан экономиканы кредиттөө (1,8 эсе) олуттуу өскөн.

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын активдери 23,4 пайызга (2008-жылы – 30,8 пайызга), ал эми капитал 15,5 пайызга көбөйгөн (2008-жылы – 43,6 пайызга). 2009-жылы үчүн иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасы жылдын акырына карата 39,6 млрд. сомду түзүү менен 34,0 пайызга көбөйгөн (2008-жылы – 26,1 пайызга).

Бүтүндөй алганда 2009-жылы экономикада өткөн жылдагыга салыштырганда экономикалык өсүш арымдын 8,4 пайыздан 2,3 пайызга чейин олуттуу басаңдашы байкалган.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылы төлөм балансынын сальдосу 251,7 млн. АКШ долларындагы өлчөмдө оң түптөлгөн (2008-жылы – 83,8 млн. АКШ доллар), анын ичинде утурумдук операциялардын эсеби 25,3 млн. АКШ долларындагы өлчөмдө терс калыптанган. Утурумдук трансферттердин көлөмү 1 194,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 19,1 пайызга төмөндөгөн, бул эмгек мигранттарынан алынган түшүүлөрдүн көлөмүнүн 30,1 пайызга кыскаруусу менен шартталган. Эл аралык дүң камдардын көлөмү 2009-

жылдын акырына карата 1 588,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 4,1 айлык импортун жабат.

### Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча республикада 2008-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнүн басаңдашы байкалган. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына ылайык 12 айлык инфляциянын мааниси (2009-жылдын декабрь айы 2008-жылдын декабрь айына карата) 0,0 пайызды, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 20,0 пайызды түзгөн.

Экономикада инфляция процесстеринин басаңдашынын себептеринен болуп азык-түлүк товарларынын жана энергопродукцияларынын дүйнөлүк рынокторунда баа эпкиндеринин болбогондугу, ички жана тышкы суроо-талаптын алсызданышы, ошондой эле Улуттук банк жана Өкмөт тарабынан кабыл алынып жаткан инфляцияга каршы чаралар болгон.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2009-ж. декабрь айы | | 2009-ж. январь-декабрь айлары 2008-ж. январь-декабрь айларына |
|---|---|---|---|
| | 2008–ж. декабрына | 2009-ж. ноябрына | |
| **Бардыгы болуп товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр,** | **100,0** | **100,9** | **106,8** |
| анын ичинде | | | |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз ичимдиктер | 92,6 | 101,4 | 101,1 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 105,2 | 100,5 | 107,6 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 110,4 | 100,7 | 113,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 104,4 | 100,2 | 118,1 |

Керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин төмөндөшүнө олуттуу таасирди азык-түлүк товарларга карата баалардын динамикасы тийгизген. Алсак, 2009-жылы тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз ичимдиктерге карата (-7,4 пайызга) баалардын төмөндөшү жүргөн.

Алкоголь жана тамеки продукцияларына карата баалар жылдык мааниде тиешелүүлүгүнө жараша, 7,2 пайызга жана 1,2 пайызга өскөн.

Азык-түлүк эмес товарларга карата керектөө бааларынын индексинин 12 айлык өсүшү 10,4 пайызды түзгөн, анын ичинде КММга карата баалар жылдык мааниде 14,7 пайызга жогорулаган.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын өсүшү 4,4 пайызды түзгөн (2008-жылы акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр 34,4 пайызга кымбаттаган). Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын өсүшү 1,8 пайызды, саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө – 10,7 пайызды түзгөн; ал эми байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 7,2 пайызга арзандаган.

### Акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

2009-жылдын акырына карата акча базасы жыл башынан тартып 18,3 пайызга көбөйүү менен 41 587,7 млн. сомду түзгөн (2008-жылы көбөйүү 11,3 пайызды түзгөн).

Банктардан тышкаркы М0 акчалары жыл башынан тартып 15,3 пайызга көбөйүү менен 2009-жылдын акырына карата 33 882,3 млн. сомду түзгөн (2008-жылы көбөйүү 10,2 пайызды түзгөн).

М2 акча массасы 2009-жылдын акырына карата 43 490,0 млн. сомду түзгөн жана банктардан тышкаркы акчалардын 15,3 пайызга жана улуттук валютада депозиттердин 8,9 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен 2009-жылдын башындагыга салыштырганда 13,8 пайызга көбөйгөн (2008-жылы көбөйүү 9,9 пайызды түзгөн).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын көлөмү жыл башынан тартып 17,9 пайызга көбөйгөн жана отчеттук мезгилдин акырына карата 57 126,4 млн. сомду түзгөн (2008-жылы көбөйүү 12,6 пайызды түзгөн). Отчеттук мезгилде кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын көлөмүнүн көбөйүшү банктардан тышкаркы акчалардын 15,3 пайызга жана кеңири мааниде колдонулуучу акча массасына кирген[1] депозиттердин жалпы көлөмүнүн[2] 21,9 пайызга көбөйүүсүнүн таасири астында, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттердин 33,1 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 8,9 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен да жүргөн.

Чет өлкө валютасында депозиттерди камтыган кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акчасынын жүгүртүү ылдамдыгы отчеттук мезгилдин акырына карата 4,2 пайызды түзгөн (2009-жылдын башына карата – 4,1).

### Реалдуу сектор

2009-жылдын алдын ала алынган жыйынтыктары боюнча ИДПнын көлөмү 2008-жылдагыга салыштырганда реалдуу мааниде 2,3 пайызга көбөйүү менен 196 423,1 млн. сомду түзгөн (2008-жылдын такталган маалыматтары боюнча реалдуу өсүш 8,4 пайызды түзгөн). «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДПнын реалдуу өсүшү 2008-жылдын 6,5 пайызына каршы 2,9 пайызды түзгөн.

Бүтүндөй алганда 2009-жылы ичинде экономикада өткөн жылдагыга салыштырганда экономикалык өсүш арымынын олуттуу басаңдашы байкалган.

---

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин ошондой эле, башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин гана камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

[2] 2009-жылдын 1-январынан тартып, коммерциялык банктар өз алдынча эсептешүүлөр планына өткөндүгүнө байланыштуу депозиттерди эсепке алуу методологиясына өзгөртүүлөр киргизилген, мурда коммерциялык эмес уюмдардын депозиттери катары чагылдырылган депозиттердин бөлүгү Социалдык фонддун депозиттери катары чагылдырылып калган, ал эми Социалдык фонддун депозиттери кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын негизинде эсептелинген депозиттик базанын курамына кирбейт.

**2-таблица. 2009-жылы ИДПны өсүүгө/ төмөндөтүүгө айрым иш түрлөрүнүн салымы,** *(пайыздар)*

| | 2008-ж. салыш.с. | 2009-ж. салыш.с. | 2008-ж. өсүш арымы | 2009-ж. өсүш арымы | 2009-ж. өсүшүнө салым | 2009-ж. дефлятордун өзгөрүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 23,5 | 22,1 | 0,9 | 7,4 | 1,7 | -8,5 |
| Тоо кен өндүрүшү | 0,5 | 0,6 | 9,1 | 4,7 | 0,0 | 17,5 |
| Иштеп чыгаруучу өнөр жай | 13,2 | 12,5 | 21,2 | -7,8 | -1,0 | 7,3 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү, бөлүштүрүү | 1,4 | 1,7 | -7,4 | -1,3 | 0,0 | 26,4 |
| Курулуш | 5,3 | 5,7 | 10,8 | 6,3 | 0,3 | 7,0 |
| Сода; автомобилдерди оңдоо | 16,3 | 16,4 | 9,6 | 1,8 | 0,3 | 3,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,3 | 1,4 | 13,3 | 4,0 | 0,1 | 5,6 |
| Транспорт жана курулуш | 7,9 | 9,1 | 31,1 | 5,1 | 0,4 | 15,1 |
| Жана башкалар | 17,4 | 19,3 | 3,2 | 1,5 | 0,3 | 14,3 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 13,1 | 11,1 | 8,4 | 2,3 | 0,3 | -13,5 |
| **ИДП** | **100,0** | **100,0** | **8,4** | **2,3** | **2,3** | **2,1** |

*УСКнын булагы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Айыл чарбасындагы мол түшүмдүүлүк ИДПнын өсүш арымынын көбөйүүсүнүн негизги себебинен болгон. Ошону менен бирге эле, дүйнөлүк экономикадагы кризистин кесепети Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө күчтүү таасирин тийгизген. 2009-жылы экономиканын өсүш арымынын басаңдашы, негизинен, өнөр жайдагы өнүдүрүштүн төмөндөшү менен шартталган. Мында, өнөр жай өндүрүшүнүн олуттуу төмөндөшү алтын казып алуу менен алектенбеген ишканаларда байкалган. Ошондой эле соода, транспорт жана байланыш тармактарында өсүүнүн басаңдашы да байкалган. Иштеп чыгаруу өнөр жайында жана электр энергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында өндүрүштүн кыскаруусу өнөр жайдын жалпы төмөндөшүнө алып келген.

Экономикада алгылыктуу тенденция болуп инвестиция ишинин байкалаарлык өсүшү саналат. Отчеттук жылда негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 19,7 пайызга өскөн жана 38 690,5 млн. сомду түзгөн. Ушундай өсүштүн негизги себептеринин бири болуп гидроэнергетика объектилерине инвестициялардын көлөмүнүн олуттуу өсүшү саналат, инвестициялардын жалпы көлөмүнүн түзүмүндө алардын үлүшү негизги капиталда 10,7 пайызды ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылы утурумдук операциялардын эсеби 25,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс калыптанган (Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен 116,0 млн. АКШ долларында оң түптөлгөн).

Өнүккөн өлкөлөрдөгү экономикалык төмөндөө жана чийки заттар рыногунда эл аралык баалардын төмөндөшү Кыргыз Республикасынын тышкы соода операцияларынын көлөмүнө таасирин тийгизген. Алсак, өлкөнүн тышкы соода жүгүртүүсү 2009-жылы 22,3 пайызга төмөндөп 4 373,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Соода балансынын тартыштыгы 1 139,4 млн. АКШ долларын түзүп 39,4 пайызга төмөндөгөн (Улуттук банктын эсепке алууга чейинкисин эске алганда – 998,1 млн. АКШ доллар).

Утурумдук трансферттердин көлөмү 1 194,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 19,1 пайызга төмөндөгөн, бул эмгек мигранттарынан алынган валюталык түшүүлөрдүн көлөмүнүн 30,1 пайызга кыскаруусу менен шартталган. Эмгек мигранттарынын которууларынын кыскаруусу баарынан мурда, Кыргызстандын

эмгек мигранттарынын негизги массасы чогулган Россияда экономикалык жагдайдын начарлоосу менен байланыштуу болгон. 2009-жылдын апрель айында Россия Федерациясынын Өкмөтүнөн 150,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө гранттык каражаттар түшкөн.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча кароого алынып жаткан мезгил ичинде капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын эсеби 2008-жылдын 7,6 млн. АКШ доллар көлөмүндөгү терс мааниге каршы 327,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул негизинен, көлөмү 309,6 млн. АКШ долларын түзгөн, финансы эсебинин оң сальдосунун олуттуу көбөйүшү менен шартталган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыктары боюнча төлөм балансынын сальдосу 251,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн. Эл аралык дүң камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 588,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 4,1 айын жабат.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министирлигинин Борбордук Казыналыгынын маалыматтары боюнча 2009-жылы мамлекеттик бюджеттин акча кражаттарынын тартыштыгы ИДПга карата 2 923,3 млн. сомду же 1,5 пайызды түзгөн (2008-жылы ИДПга карата 0,8 пайыз өлчөмдө бюджет профицит менен аткарылган). Мында, чет өлкө мамлекеттеринен түшкөн гранттарды эске албаганда, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы ИДПга карата 13 086,3 млн. сомду же 6,7 пайызды түзгөн.

2009-жылы мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери жана алынган расмий трансферттери ИДПга карата 55 322,1 млн. сомду же 28,2 пайызды түзгөн. Өткөн жылдагыга салыштырганда 2008-жылдын 28,0 пайызына каршы 21,6 пайызды түзүү менен өсүш арым кыскарган, бул акыркы беш жыл үчүн түптөлгөн орточо жылдык деңгээлден бир аз төмөн болгон.

2009-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык ишине жалпы чыгашалар 35,4 пайызга же 13 090,3 млн. сомго чейин көбөйүү менен 50 034,3 млн. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгилде операциялык чыгашалардын көбөйүүсүнөн тышкары, финансы эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча бюджеттик чегерүүлөрдүн өсүшү катталган (төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыган: негизги фонддор, запастар, жер). Бул операциялар боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу ИДПга карата 8 211,1 млн. сомду же 4,2 пайызды түзгөн (2008-жылы ИДПга карата 6 970,9 млн. сом же 3,7 пайыз).

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2009-жылдын 31-декабрь айына карата абал боюнча[3] Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк иш алып барган[4]. 2009-жыл

---

[3] 2009-жылдын 31-декабрь айына карата бүтүндөй текст боюнча маалыматтар ушул күндү кошо алуу менен келтирилген.

[4] 2009-жылдын 31-май айынан тартып Кыргыз Республикасынын банк тутумуна ИАКБ «Акыл» ААКсы кошулган, анын лицензиясы өз калыбына келтирилип жана реабилитацияга байланыштуу 2009-жылдын 27-февралында берилген.

ичинде банктар 1 592,0 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алган (2008-жылы 22 коммерциялык банк өз ишин жүзөгө ашырган жана алардын ишинин жыйынтыктары боюнча пайда 1 789,4 млн. сомду түзгөн). 2009-жылы коммерциялык банктардын активдери 23,4 пайызга көбөйгөн, ал эми капитал 15,5 пайызга өскөн.

Бүтүндөй алганда 2009-жылы депозиттердин калдыктары декабрь айынын акырына карата 39,6 млрд. сомду түзүү менен 34,0 пайызга көбөйгөн. Депозиттик калдыктардын өсүшүнө негизги салымды бир жыл ичинде 45,5 пайызга, 24,8 млрд. сомго чейин көбөйүү менен коммерциялык банктардын депозиттеринин валюталык бөлүгү түзгөн (алмашуу курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске алуусуз өсүш 31,4 пайызды түзгөн). Мында, улуттук валютада депозиттер 2009-жылдын акырына карата 14,8 млрд. сомду түзүү менен 18,4 пайызга өскөн.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли 2008-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,4 п.п. жогорулоо менен 2,8 пайызды түзгөн. Ал эми чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин наркы мезгил ичинде 0,8 п.п., 1,7 пайызга өскөн.

2009-жылы өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашы жана тобокелдиктердин көбөйүшү коммерциялык банктардын кредиттик ишине алгылыксыз таасирин тийгизген. Бул банктар тарабынан реалдуу секторду кредиттөөнүн кыскаруусунда, ошондой эле кредиттердин наркынын жогорулашында билинген. Бир жыл ичинде иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттик портфели 1,5 пайызга, 25,2 млрд. сомго чейин азайган (сом курсунун өзгөрүүсүнүн таасирисиз[5] кредитттик портфель 7,6 пайызга азайган).

Мезгил ичинде орточо алганда улуттук валютада берилген кредиттер боюнча пайыздык чен 2008-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,7 п.п. жогорулоо менен 26,7 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен 1,1 п.п. жогорулоо менен 21,5 пайызды түзгөн.

***Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери***

Отчеттук мезгилдин акырына карата Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин системасы 972 банктык эмес мекемелерге ээ болгон (2008-жылдын акырына карата банктык эмес мекемелердин саны 1 089 түзгөн):

- Финансы компаниясы – 1;
- «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖЧКсы - 1
- «Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы – 1
- Кредиттик союздар – 238;
- Микрокредиттик компаниялар – 226;
- Микрокредиттик агенттиктер – 129;
- Микрофинансылык компаниялар – 4;
- Алмашуу бюролору – 372.

[5] Жыл башындагыга карата АКШ долларынын эсептик курсу

**3-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели** *(млн. сом)*

| | 2008-ж. 31-декабрь айы | 2009-ж. 31-декабрь айы |
|---|---|---|
| Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели* | 7 384,3 | 13 366,9 |

*Маалыматтар Финансы компаниясын эске алуусуз берилген (анткени Финансы компаниясынын кредиттери кредиттик союздарга берилген).

### *Башка финансы мекемелер*

2009-жылы үч фондулук биржанын соода аянттарында тооруктардын жалпы көлөмү 2008-жылдын бул көрсөткүчүнө салыштырганда 44,1 пайызга кыскаруу менен 5 168,2 млн. сомду түзгөн. Тооруктардын көлөмүнүн төмөндөшү бардык соода аянтчаларында катталган. «Кыргыз фондулук биржасы» ЖАКсынын соода аянтчасындагы бүтүмдөрдүн көлөмү 29,5 пайызга, 2 951,2 млн. сомго чейин, «Борбордук Азия фондулук биржасы» ЖАКсынын - 61,3 пайызга, 1 733,8 млн. сомго чейин кыскарган жана «БТС - Кыргызстандын фондулук биржасы» ЖАКсынын соода аянтчасындагы биржалык тооруктардын көлөмү 17,6 пайызга кыскарып, 483,2 млн. сомду түзгөн. Тоорук көлөмүнүн түзүмүндө бүтүмдөрдүн негизги көлөмү мурдагыдай эле, «КФБ» ЖАКка туура келген (45,2 пайыз).

2009-жылдын акырына карата баалуу кагаздар рыногунда беш акционердик инвестициялык фонд, ошондой эле эки пайлык инвестициялык фонд иштерин жүзөгө ашырган, алардын үлүшү финансылык кызмат көрсөтүүдө анчалык олуттуу эмес болгон: 2009-жылдын акырына карата инвестициялык фонддордун активдери ИДПга карата 0,01 пайызды түзгөн.

Жылдын акырына карата республиканын рыногунда камсыздандыруу ишин 19 камсыздандыруу компаниялар жүзөгө ашырган, алардын ичинен экөө кайра камсыздандыруу компаниялары, ошондой эле резидент эместердин катышуусу менен 7 компания. Камсыздандыруу уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2008-жылдагыга салыштырганда 58,1 пайызга көбөйүү менен 2009-жылдын 12 айы үчүн 865,5 млн. сомду түзгөн, ал эми өздүк капитал да 50,8 пайызга, 708,8 млн. сомго чейин көбөйгөн.

2009-жылдын 1-сентябрь айына карата абал боюнча[6] республикада эки мамлекеттик эмес пенсиялык фонд иштеп турган: «Кыргызстан» МПФсы жана «Жаңы Азия» МПФсы (2009-жылдын 26-майында лицензия алып азырынча өз ишин жүзөгө ашыра элек). «Кыргызстан» МПФнын активдеринин өлчөмү бир жыл ичинде 13,8 пайызга көбөйүү менен 2009-жылдын 1-сентябрь айына карата 17,0 млн. сомду түзгөн, ал эми өз ыктыяры менен пенсиялык камсыздоо келишимин түзүшкөн катышуучуларынын саны 2 333 адамды түзгөн (анын ичинен 486 адам пенсия алууда), бул 2008-жылдын август айынын акырына карата абалына караганда 437 адамга же 23,0 пайызга көп болгон.

[6] 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча маалыматтардын жок болушунан улам, мурдагы маалыматтар келтирилген.